**УДК 372**

***Шаршенбек кызы С., Таштанкулова Ж.Ж.***
***Шаршенбек кызы Саадат*** *– магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Таштанкулова Жеңишгүл – п.и.к., д.м.а., С. Нааматов атындагы НМУ*

# МЕКТЕП ЖАШЫНА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫН КАРЫМ-КАТНАШ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

# ФОРМИРОВАНИЕ КУЛЬТУРЫ ОБЩЕНИЯ ДОШКОЛЬНИКОВ

# FORMING A CULTURE OF COMMUNICATION AMONG PRESCHOOLERS

***Аннотация.*** *Бул макалада мектеп жашына чейинки балдардын карым-катнаш маданиятынын теориялык негиздери жана аны калыптандыруунун илимий-теориялык маселелери жана аларды иш жүзүнө ашыруунун педагогикалык жолдорун аныктоо.*

***Аннотация.*** *В данной статье определяются теоретические основы культуры общения дошкольников, научно-теоретические вопросы ее формирования и педагогические пути их реализации.*

***Abstract.*** *In this article, the theoretical foundations of preschool communication culture and the scientific and theoretical issues of its formation and pedagogical methods of its implementation are defined.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Эмпатия, эмоционалдык абалды түшүнүү, кирүү****,*** *эмоционалдык реакция, сезим.*

***Ключевые слова:*** *Эмпатия, понимание эмоциональных состояний, доступ, эмоциональный отклик, чувство.*

***Key words:*** *Empathy, understanding of emotional states, access, emotional response, feeling*

Мектеп жашына чейинки (5-7 жаштагы курак) мезгил баланын тулку боюнун, ден-соолугунун, карым-катнаш маданиятынын калыптана турган убагы болгондуктан, үй-бүлөдөгү туура уюштурулган тарбиянын таасири өтө зор. Үй- бүлөдө баланы тарбиялоо маселеси жалпы элдик, коомдук деңгээлде каралышы талапка ылайык. Буга «Балдар укугу тууралуу конвенция» (1995), Кыргыз Республикасынын «Билим жөнүндө мыйзамы» (2003), «XXI кылымдын кадрлары», «Билим», «Маданият», «Адамдын оомоктуу өнүгүүсү» «Жеткинчек», «Дени сак эне – дени сак бала – дени сак улут» ж.б. аттуу улуттук программалар далил боло алат (1).

Азыркы мезгилде балабакчалардын кескин түрдө кыскарып кетиши мектеп жашына чейинки балдардын (3 төн 7 жашка чейин) кароосуз калышы же чоң эне, эжелери менен калып эч кандай таалим-тарбия албай, окубай, билим албай калуусу баланы өзү менен өзү болууга алып келди.

Мындай көрүнүштөрдү эске алып «Мектеп жашына чейинки балдарга билим берүү концепциясы» (1998) Билим берүү министирлиги тарабынан бекитилип (1999-ж) балдардын ар тараптан өнүгүүсүн камсыз кылуу максатын көздөйт [4].

Бул концепциянын негизинде «Мектепке чейинки балдарды тарбиялоо, билим берүү жана өнүктүрүү» боюнча типтүү программа иштелип чыгып, альтернативдүү «Эненин мектеби» (2001) деген программага кол коюлуп пайдаланууга берилген. Анда Кыргыз Республикасынын белгилери (герб, желек, гимн) менен тааныштырып, элдин салты, адаты, турмуштиричилиги, кол өнөрчүлүгү, көркөм өнөрү, оюн-зоок тамашалары менен тааныштыруу кеңири каралган [2].

Мектеп жашына чейинки тарбия маселесин эң алгач карагандардын бири - атактуу чех педагогу Ян Амос Коменский (1592-1670) болгон. Ал баланын эң башкы мектеби – бул «энелер мектеби» деп баса белгилеген. Я.А.Коменский энелер мектеби баланын дене, адамгерчилик, акыл-ой чөйрөсүн өстүрүп, сүйлөөгө, тыбыштарды туура, так айтууга баланы 3 жашынан баштап тарбиялоо керектигин эскерткен [5].

Мектеп жашына чейинки куракта баланын элестетүүсүнүн жана чыгармачылыгынын өнүгүүсү сүйлөө речине жана оюн аракетине жараша калыптанаарын психология илиминин доктору, профессор Н.П.Палагина изилдеген.

Профессор Ж.Жумалиева «Мектеп жашына чейинки баланын ойлоосунда сын-пикирдин пайда болуп калыптанышы» (1983) деген эмгегинде сын-пикирдин балада пайда болуш өзгөчөлүктөрү изилденип, анын өнүгүү деңгээлин аныктаган [5].

Кайсы гана коомдо болбосун тарбия берүү эң негизги маселелердин бири катары каралып келген. Кеңеш өкмөтү убагында мектепке чейинки мекемелерде балдарды тарбиялоо – жалпыга бирдей билим берүү системасынын негизинде жүргүзүлүп, ага өтө чоң маани берилген. Белгилүү педагогдор Е.А.Аркин [2], А.П.Усова [7], Е.И.Тихеева [3] ж.б. мектепке чейинки мекемелерде балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелерин изилдеп, баалуу жоболорду иштеп чыгышкан.

Жогоруда аталган эмгектерди талдап чыгып, азыркы убакта кыргыз үй-бүлөсүндө атаэне менен баланын ортосундагы карым-катнаш маданиятын калыптандыруу жана алардын өзгөчөлүгүн изилдеген илимий иш жокко эсе экендиги байкалды.

Карым-катнаш маданиятына токтолоордон мурда жалпы маданият деген түшүнүктү карап көрөлү. Дүйнө таануу, маданият таануу илимдеринде «маданият – бул элдин кылымдар бою жыйнаган чыгармачылыгы, коом менен жеке адамдын руханий изденүүсү, элдердин руханий байлыгы менен адамгерчилиги жөнүндөгү ойлорунун жыйнактары» деп берилет [5]. Адамдардын философиялык ойлору, дини менен тили маданияттын негизин түзгөн. Ал философияда – маданият адамдардын эмгегинин натыйжасы (куралдары, аспаптары, кийими ж.б.), адамдардын акыл-ой аракетинин жемиши (дин, адабият, илим, тил, мораль ж.б.) болуп эсептелет.

Демек, биздин изилдеп жаткан маданиятыбыз руханий маданияттын бир бөлүгү экен. Кыргыз элинин руханий маданияты өтө бай экени баарыбызга белгилүү. Алар кылымдар бою сакталып келген оозеки жана жазма адабияттар, фольклор, чоң жана кичине эпостор, музыкалык күүлөр, обондор. Булардын бардыгы адамзаттын иш-аракетинен жаралап, ушул күнгө чейин сакталып келди. Маданият да, билим да, өнөр да муундан муунга өтүп, бири-бирине берилип олтурат. Мында карым-катнаш мааниси өтө зор. Бул маселени ар кайсы илим өзүнчө чечет. Атап айтсак, философиялык сөздүктө «карым-катнаш – бул адамзаттын өз ара аракеттениши» десе, психологиялык сөздүктө – «адамдардын ортосундагы иш-аракеттен пайда болгон пикир алмашуусу, мамилеси жана адам-адамды таанып билүүсү» - деп жазылган [4].

Г.М.Андреева карым-катнаштын үч жагын белгилеген: коммуникативдик – адамдардын пикир алмашуусу, интерактивдик - өз ара иш-аракет аркылуу жана перцепциялык – өз ара адамдардын бири-бирин билүүсү, кызматташтык байланыш жагы деген. Адамдардын бирибири менен болгон байланышынын эң маанилүүсү тил маданияты экенин көрсөткөн [5]. Ал адамдын сүйлөгөн сөзүнөн, карым-катнаштын жагымсыз, жагымдуу жактарынан байкалат. Башка адамды түшүнүү, өзүн-өзү түшүнүү да адептүүлүккө жатат. Коомдо ар түрдүү адамдар кездешет: ачулуу, чыр-чатакка жакын, турмуштан түңүлүп, капаланган, билерман окшоп калп айткан ж.б. Мындай адамдар менен сүйлөшүү өтө кылдаттыкты талап кылат.

Ар бир маданияттуу адамдын сөзү – анын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн жана адамгерчилигинин көрсөткүчү. Андай адам өзүн кайсы жерде болсо да алып жүрө алат жана башкаларга кыянаттык кылып, чыр-чатак жагдай түзбөйт.

Адамдын жан-дүйнөсүн, кулк-мүнөзүн, кызыкчылыгын, талабын, баалуулугун ж.б. изилдөө психолог-илимпоздор тарабынан уюштурула баштаган. Ушул багытта иш жүргүзгөн М.И.Лисина, К.Т.Шериазданова мектеп жашына чейинки балдардын курбалдаштары менен карым-катнаш маселесин изилдешкен. Алар үй-бүлөдө жана ар түрдүү типтеги балдар мекемелеринде тарбияланып жаткандардын карым-катнаш маданиятын салыштырып карашкан. Балдар үйүндө тарбияланып жаткан балдар бардык керектүү нерселер (жатакана, тамак-аш, кийим-кече ж.б.) менен камсыз болгонуна карабай, чоң кишилер менен эмоционалдык байланышка муктаж экендиги аныкталды [2].

**Адабияттар:**

1. Асипова Н.А. Научно-педагогические основы формирования культуры межнационального общения школьников. Б. «Илим» 1994.107с.
2. Асипова Н.А. Общение школьников в многонациональной среде. – Советская педагогика, 1991.№12 – 21-24 с.изд. «Педагогика» М.
3. Жумалиева Ж.М. Жаш курак психологиясы. –Бишкек,1999. -135 б.
4. Журавлев И.А. Этика общения. –М., 1999. 28-40 с.
5. Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А. Социалдык педагогика: окуу куралы. - Бишкек, 2004.